«БЕКИТЕМ»
Кыргыз мамлекеттик юридикалык
академиясынын ректору,
юридика илимдеринин доктору,
профессор Рысмендеев Б.Дж.

«23» 12 2019-ж.

**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ**
**«АДМИНИСТРАТИВДИК ЖАНА ФИНАНСЫ УКУГУ»**
**«ЭЛ АРАЛЫК УКУК ЖАНА ДҮЙНӨЛҮК САЯСАТ»**
**кафедраларынын кеңейтилген отурумунун протоколу**

**Бишкек ш.** **20.12.2019-ж.**

**Төрагалык кылуучу** – Аспирантура, докторантура жана илимий ишмердүүлүктү уюштуруу бөлүмүнүн башчысы ю.и.д., доцент Кочкарова Эристина Аризет-Алиевна

**Катчы –** ага окутуучу Исаева Жазгуль Болотбековна

**Катышкандар:** Сабырова Кундуз Жумадиловна – юридика илимдеринин доктору (12.00.11; 12.00.14), доцент; Самудинов Улан Мундуспекович – юридика илимдеринин доктору (12.00.06; 12.00.14), доцент; Жакыбакунов Эркин Турсунбекович – ю.и.к., доцент; Жантаева Гульмира Гульджигитовна – ю.и.к., доценттин милдетин аткаруучу.; Омукеева Нурмира Абдымаликовна – ю.и.к., доценттин милдетин аткаруучу; Эсенбекова Асия Таштанбековна – ю.и.к., доценттин милдетин аткаруучу; Шаршеналиев Жамиль Асанбекович – ю.и.к., доцент; Джоробекова Гульнура Эшимбековна – каф.башчысы, ю.и.к., доценттин милдетин аткаруучу; Рысалиева Мээрим Саматбековна – ю.и.к., ага окутуучу; Исаева Жазгуль Болотбековна – ага окутуучу; Жумаканова Жаныл-Мырза Каныбековна – ага окутуучу; Шыгаев Арсен Асанович – ага окутуучу; Богачиева Зарина Темировна – ага окутуучу; Уметбаева Элиза Мухтарбековна – окутуучу; Исаева Майрам Асанбековна – окутуучу; Ибраев Азат – окутуучу; Кубатбек уулу Нарынбек – окутуучу; Бакболотова Каныкей Бакболотовна – окутуучу; Мергенбаева

Асель Эркинбековна – окутуучу; Насредин уулу Икрам – окутуучу; Усенов Улан Мирбекович – окутуучу

**Күн тартиби:**

Изденүүчү Арзыматова Э.Б. 12.00.10 – Европалык укук, эл аралык укук; 12.00.14 – Административдик укук, финансы укугу, маалымат укугу адистиктери боюнча "Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары" аталыштагы кандидаттык диссертациясын талкууга алуу.

Илимий жетекчи: Керезбеков Канат Керезбекович, юридика илимдеринин доктору, профессор.

**Угулду:**

**Төрага:** Уважаемые коллеги, кворум имеется. Есть предложение начать заседание. На повестке дня заседания кафедры обсуждение диссертационной работы Арзыматовой Элизы Бактыбековны на тему: «Охрана авторских прав в сети Интернет: международное право и законодательство Кыргызской Республики», выполненной под руководством доктора юридических наук, профессора Керезбекова Каната Керезбековича.

Слово для изложения основных положений диссертации предоставляется соискателю.

**Изденүүчү:** Постиндустриалдык коомдо маалыматтык технологиялардын күн санап өнүгүүсү менен адамдын жашоосунда бүгүнкү күндө маанилүү ролду ойногон Интернет ааламдык тармагынын өнүгүү темпи ылдамдап жүрүүдө. Дал ушул Интернет маалыматты жайылтуу системасынын негизги элементтеринин бири болуп саналат жана бир нече секунддун ичинде дүйнөнүн каалаган түйүндөрүндө жеткиликтүүлүктү камсыз кылат. Бүгүнкү күндө дүйнөдө иш жүзүндө ар бир адам интернет-мейкиндигин пайдаланат: статистикалык маалыматтар боюнча ар бир 2-3 секунд сайын жаңы колдонуучулар катталып турат, күн сайын 7 млн. веб-

баракчалар пайда болуп турат, алардын жалпы саны 4,5 млрд. жакын эсептелет. Тармактын мындай ааламдык өнүгүүсү Интернетте эбегейсиз көлөмдөгү ар кандай маалыматтарды чогултууга мүмкүндүк берет – аудио-видео маалыматтар, текст, графикалык, иштиктүү, билим берүү, көңүл ачуучу маалыматтар, электрондук газеталар жана журналдар, электрондук почта жана китепкана, мамлекеттик жана жеке мекмеелердин жана компаниялардын маалыматтык ресурстары. Ушул объекттер таанышуу үчүн, локалдык гана эмес, эл аралык деңгээлде дагы жайылтуу үчүн дагы бирдей пайдаланылат. Тиешелүүлүгүнө жараша төмөнкүдөй көйгөй келип чыгат: кайсы маалымат болбосун аны катуу дискке көчүрүп алууга болот жана андан ары анын пайдаланылышына көз салууга иш жүзүндө мүмкүн эмес – бардык учурларда ушул эле материал автордун атын көрсөтпөстөн же бурмаланган вариантта андан ары пайдаланыла берет. Ошондуктан Интернет маалыматтык тармагында автордук укукту эл аралык коргоого көңүл буруу зарыл.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор.

1. Айрым мамлекеттерде автордук укуктарды укуктук жөнгө салуулары менен салыштырып алганда эл аралык автордук укук өзүнүн өзгөчөлүктөрүнө ээ экендиги менен негизделет, алар төмөндө берилет:

– автордук укуктарды коргоонун улуттук системасы, коргоонун шарттары, көлөмү, мөөнөтү дүйнөнүн ар бир өлкөсүндө олуттуу айырмаланат;

– мамлекетти административдик-аймактык бөлүнүү чыгармаларды пайдаланууда бөгөт болуп саналат;

– эл аралык автордук укукту түзүү үчүн мамлекет өзүнүн күчүн жыйноого тийиш, автордук укукту коргоо чыгарма жаралган мамлекеттин аймагы менен чектелет жана башка мамлекеттердин аймагына жайылтылбайт; мында автор тарабынан жаралган мүнөз чексиз жана алар жашаган жерине, жынысына, курагына, расасына, улутуна, диний ишенимине ж.б. карабастан ар бир колдонуучу үчүн түзүлөт. Автордук

укуктун объекттери мамлекеттин аймактык бөлүнүшүнө карабастан бүткүл дүйнө боюнча ийгиликтүү жайылуу касиетине ээ.

– маалыматтык, коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү, Интернет тармагынын аймактык чегинин жоктугу мамлекеттик аймактык чек арасы жок, бир да мамлекеттин ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынбаган мейкиндиктин пайда болушуна алып келди. Ушул мейкиендикте чыгармаларды пайдалануу чыгармаларга карата автордук укуктарды берүүнүн аймактык принцибине баш ийбейт;

– эл аралык автордук укук системасынын субъекттери катары мамлекет, эл аралык уюмдар, юридикалык жактар, жеке адамдар (жаран, чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар) чыгат, ошондой эле Интернетте автордук укуктарды коргоонун маселелерин эл аралык интеграциялоо процессине эл аралык «тармактык жамаат» катышпаса мүмкүн эмес.

2. Интернет тармагында жарыяланган чыгармалардын автордук укуктары корголгондугу менен негизделет. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Интернетте корголгон автордук укуктардын объекттерин жана формаларын аныктоодо түз көрсөтмөлөрдүн жоктугу, Интернетте автордук укуктун объекттерин укуктук коргоо фактыларын таануу үчүн тоскоолдук болуп саналат.

3. Чыгарманын санариптик түрү техникалык каражаттардын жардамы менен жазууга теңелгендиги, ал эми заманбап санарип технологиялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган материалдык алып жүрүүчү болуп саналарын таануу зарылдыгы негизделет. Интернет тармагына чыгармаларды жарыялоо материалдык алып жүрүүчүлөргө чыгармаларды бекитип берүү болуп саналат, анткени Интернет өзү маалыматтарды сактоо системасы болуп саналат.

4. Тармакта автордук укуктарды коргоону натыйжалуу өнүктүрүүгө мамлекеттик, «тармактык» жамааттын, эл аралык уюмдардын, жарандык коомдун ж.б. биргелешкен күч-аракетинин натыйжасында гана жетишүүгө

болот. мында Интернетти жөнгө салуу укуктук ченемдер жана техникалык эрежелер менен жүзөгө ашырылууга тийиш.

5. Адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын 5-беренесинин 2-пунктунда каралган «коргоонун көлөмү» термини автордук укуктун көлөмүн ээлөөнүн укуктуулугун, чыгарманын оригиналдуулугун, автордук укуктун объектисинин корголгондугун аныктоо маселелерин камтый тургандыгы менен негизделет.

Берн конвенциясынын эрежелери: «белгиленген конвенциянын жоболорунан тышкары коргоонун көлөмү өлкөнүн мыйзамдары менен жөнгө салуу менен коргоого муктаж болгон анын укуктарын коргоо үчүн авторго берилүүчү коргоонун каражаттары менен бирдей», ошондой эле автордук укуктун объекттине ээ болуунун мыйзамдуулук маселелерин, чыгармалардын оригиналдуулугун, өлкөнүн мыйзамдары боюнча коргоого муктаж болгон автордук укуктун объекттеринин корголдугун аныктоодо колдонулууга тийиш.

6. Интернетке салыштырмалуу жарандык жүгүртүмдө баарынан мурда сатуу жолу менен чыгармалардын нускаларын жайылтууга гана укукту кароо жаңылыштык.Чыгармалардын санариптик түрүнүн, Интернет тармагынын маалыматтык-телекоммуникациялык өзгөчөлүгү, ага чогулган мамилелер, виртуалдык эмес дүйнөдө өз ара аракеттенүүнүн адаттагы түрлөрүнөн олуттуу айырмаланат. Интернетке салыштырмалуу чыгармаларды жайылтууга карата укук калыпка салынган укуктун мурдагы салттуу түшүнүгүнөн кыйла кеңири түшүнүккө ээ болууга тийиш. Атап айтканда, Интернетте чыгармаларды жайылтуу менен колдонуучуларга анын акы төлөнүүчү же акысыз экендигине карабастан, чыгармаларды алууга жана аларды көчүрүп алууга мүмкүндүк берген ар кандай иш-аракеттерди түшүнүү сунушталат.

7. Электрондук китепканалардын укуктук статусун мыйзамдуу түрдө аныктоо зарыл экендиги негизделет.

Китепканалык максатта чыгармаларды пайдалануу жөнүндө далилдерди колдонуунун негизинде автордук укуктарды бузууну жокко чыгаруу максатында Электрондук китепканадан жөнөкөй сайттардын (Интернет маалыматтык ресурстары) айырмасынын так критерийлерин так аныктоо керек.

**Төрага:** Мы выслушали выступление соискателя. Прошу высказать свое мнение по диссертации. Есть ли вопросы к соискателю?

**Рысалиева Мээрим Саматбековна – ю.и.к.,:** Менде төмөндөгүдөй суроо бар. Автордук укук жөнүндө кайсыл эл аралык келишимде каралган?

**Изденүүчү:** Суроо бергениниз үчүн рахмат. Автордук укук жөнүндө биринчи көп тараптуу эл аралык келишим – адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясы 1886-жылы түзүлгөн. Конвенциянын иштеп чыгуучулары тарабынан айрым өлкөлөрдөгү мыйзамдардын айырмачылыгын жоюу зарыл болгон жана ошондуктан бул документтин негизине коюлган башкы принциптери болуп улуттук режим принциби саналган.

1886-жылдын 9-сентябрындагы адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясы 1896-жылдын 4-майында Парижде толукталган, 1908-жылдын 13-ноябрында Берлинде кайра каралган, 1914-жылдын 20-мартында Бернде толукталган жана 1928-жылдын 2-июнунда Римде, 1948-жылдын 26-июнунда Брюсселде, 1967-жылдын 14-июлунда Стокгольмда жана 1971-жылдын 24-июлунда Парижде кайра каралып, 1979-жылдын 28-сентябрында өзгөртүлгөн.

Анда катышуучу – өлкөлөрдүн улуттук мыйзамдарына милдеттүү камтылууга тийиш болгон укуктук минимум белгиленген.

Конвенциянын негизги принциптери:

- макулдашкан мамлекеттердин катышуучусу болуп саналган өлкөнүн биринде жаралган чыгармалар (б.а. ушул мамлекеттин жараны болуп саналган автордун чыгармасы же ушул мамлекетте биринчи жарыяланган чыгармалар), өзүнүн жарандарынын чыгармаларын

кандай коргоого алса (улуттук режим принциби), макулдашкан мамлекеттердин башкаларында да ушундай коргоого алынууга тийиш;

- аталган коргоо кандайдыр бир формалдуулукту аткаруу менен шартталууга тийиш эмес («автоматтык» коргоо принциби);
- аталган коргоо өлкөдө жаралган чыгармаларды коргоодон көз каранды эмес (коргоонун көз карандысыздык принциби).

**Сабырова К.Ж.-ю.и.д:** Интернет тармагына автордук укуктун объекттерин мыйзамсыз жайгаштыруу менен чыгармаларды мыйзамсыз көчүрүү, жайылтуу, ошондой эле плагиат сыяктуу автордук укуктарды бузуунун практикада кездешкен учурлар туралуу айтып берсениз?

**Изденүүчү:** Аудиовизуалдык чөйрөдө интернет-пиратчылыгы видеороликтерди, телеберүүлөрдү, тасмаларды көчүрүү жолу менен мыйзамсыз жайылтуу болуп көрсөтүлөт. Бул аракеттер ушул сыяктуу чыгармалардын өндүрүүчүлөрүнө зыян алып келиши мүмкүн. Тасма расмий түрдө прокатка чыга электе, же болбосо тасма прокатка жаңы эле чыгып, бирок анын көчүрмөсү жайылтыла электе Тармакка жайгашып калышы мүмкүн. Кыргызстанда «Салам Нью-Йорк» тасмасынын жаратуучулары тасманын расмий прокатка чыгуусунан мурда өлкөнүн рыногунда аларды пираттык менен көчүрүп сатылышына дуушар болушкан. Бул факт Бишкек шаарынын кинотеатрлар тармагы тасманын жаратуучулары менен түзүлгөн келишимди бузууга алып келген жана алар зыян тартышкан. Бул жөнүндө алар 2013-жылдын 18-19-апрелинде Бишкек шаарында Кыргыз Республикасынын Интеллектуалдык менчик жана инновация мамлекеттик кызматы тарабынан өткөрүлгөн интеллектуалдык менчик укугун бузуу жөнүндө иштер боюнча сот чечимдерин чыгарууга арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда айтышкан. Бишкектин кинотеатрлар тармагы менен келишим үч жүз миң сомго түзүлгөн. Тасманын жаратуучулары тасма тартууга жүз миң доллардын тегерегинде акча жумшаган. Бул мисал ата мекендик өндүрүүчүлөрдүн мисалында пираттык иш өндүрүүчүлөргө канчалаган зыян алып келерин көрсөтөт. Интернетте бул

тасманын пайда болушу алардын короткон чыгашаларын жабууга эч кандай мүмкүндүк берген эмес.

**Омукеева Н.А. – ю.и.к., доценттин милдетин аткаруучу:** Автордук укуктарды Интернетте коргоо чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү изилдөөдө кандай сунуштарды көрсөтө аласыз?

**Изденүүчү:** Интернетте автордук укуктарды коргоо чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү изилдөө, санарип чөйрөсүндө улуттук мыйзамдарды жана укук колдонуу практикасын өркүндөтүүнүн жолдорун иштеп чыгуу, ар түрдүү окумуштуулардын жана адистердин пикирлерин жалпылоо, жогоруда баяндалган материалдарга таянуу менен, ар түрдүү деңгээлдеги укуктук ченемдерди, актыларды түзүүдө төмөнкүдөй сунуш-көрсөтмөлөрдү сунуштайбыз:

- Интернетти укуктук жөнгө салуу менен байланышкан маселелерди эл аралык укуктук жөнгө салуунун артыкчылыгын таануу зарыл;

- эл аралык укуктук жөнгө салууда «жумшак укуктун» б.а. «эл аралык сунуш-көрсөтмө актылары» категориясындагы бириккен актылардын ролун жана натыйжалуулугун баалабай коюуга болбойт;

- өлкөдө эл аралык макулдашууларда гана эмес, «жумшак укук» актыларында, ушул процесске ар кандай деңгээлдеги мамлекеттик эмес сектордун өкүлдөрүн тартуу менен Интернетте автордук укукту коргоо чөйрөсүндөгү ченемдерди иштеп чыгууга активдүү катышуу зарыл («тармактык» коомчулуктун өкүлдөрү: Интернет-ресурстарынын провайдерлери, операторлору, колдонуучулар, укук ээлери; эл аралык уюмдар; жарандык коомдун өкүлдөрү ж.б.);

- Кыргызстан кошулган каралып жаткан чөйрөдөгү эл аралык келишимдердин укуктук ченемдерин улуттук укуктук системада имплентациялоону өз убагында жүзөгө ашыруу зарыл;

- эркин маалымат алмашуу принцибин сактоо керек;

- улуттук мыйзамдарды өркүндөтүүдө чет мамлекеттердин ченем жаратуу тажрыйбасын, ошондой эле Интернетте автордук укуктарды коргоодо алардын сот практикасын эске алуу зарыл;

- Интернет тармагын укуктук жөнгө салуу «тармактык» коомчулуктун өкүлдөрүнүн кызыкчылыктарын эске алуу менен жана алардын активдүү катышуусунда жүзөгө ашырылууга тийиш;

- бирдиктүү терминологияны иштеп чыгуу жана карманув керек, мында юридикалык түшүнүктөр техникалык жана технологиялык көз караштa туура берилүүгө тийиш.

**Төрага:** Есть ли еще вопросы к соискателю? Нет. Тогда слово представляется рецензентам. В качестве рецензента сегодня выступает к.ю.н., доцент Жакыбакунов Э.Т. Вам слово, Эркин Турсунбекович.

**Жакыбакунов Э.Т., ю.и.к., доцент (рецензент):** "Бүгүнкү күндө талкууга коюлган изилдөө ишинин жетишкендиктерин белгилей кетүү шарт. Автор тарабынан бул илимий ишке карата терең, дыкат изилдөө жүргүзүлгөнү, муну менен катар мыйзам базасы, теоретикалык материалдар, ошондой эле укук колдонуу практикасынан да мисалдар жетиштүү деңгээлде изилденгени байкалып турат. Теманын актуалдуулуугу ишти изилдөө учурунда тастыкталган. Ал эми коргоого чыгарылган жоболор орундуу жана маанилүү деп эсептейм.

Эми кезекте сын-пикир жана сунуштар боюнча айта турган болсом, биринчи ирет иштин стилистикалык-логикалык түзүлүшүнүн иштелип чыкпагандыгын белгилеп кетмекчимин. Мындан улам ишти редакциялап чыгууну сунуштаймын. Экинчиден, иштин техникалык жана стилистикалык каталарын жоюунун үстүндө иш алып барууну сунуштаймын.

Жалпысынан алганда изилдөө иши бардык коюлган талаптарга жооп берет!".

**Изденүүчү:** Менин эмгегимди окуганыңыз үчүн рахмат, стилистикалык жана техникалык каталар боюнча айтылган сын-пикирлер жоюлат.

**Төрага:** Еще одним рецензентом выступает к.ю.н., Омукеева Н.А. Пожалуйста.

**Омукеева Н.А., ю.и.к., (рецензент):** "Талкууга сунушталган автордун илимий изилдөө ишинин жетишкендиктерин жана артыкчылыктарын белгилеп кетмекчимин. Ал жетишкендиктер жана артыкчылыктар иштин актуалдуулугунда, жаңылыгында жатат. Кеңеш иретинде биринчиден, эки адистиктердин 12.00.10 – Европалык укук, эл аралык укук, жана 12.00.14 – Административдик укук, финансы укугу, маалымат укугу айкалышында каралып жаткандыктан, бирдей деңгээлде, өз ара катыш шартында изилдөөнү сунуштап кетмекчимин. Менин көз карашым боюнча – мындай ык-амал аталган илимий-изилдөө ишинин маанилүүлүгүн сөзсүз түрдө арттыра алмакчы. Экинчиден, иштин актуалдуулугун дагы бир ирет карап чыгууну, мындан да тереңирээк курчутууну сунуштап кетмекчимин.

Жалпысынан изилдөө иши бардык коюлган талаптарга жооп берет!"

**Изденүүчү:** Менин эмгегим менен таанышып чыкканыз үчүн рахмат, айтылган сунуштарды кайрадан карап чыгууга аракет кылам.

**Төрага:** Следующее слово предоставляется рецензенту к.ю.н., Рысалиевой М.С.

**Рысалиева М.С, ю.и.к., (рецензент):** "Жогоруда келтирилген рецензенттердин пикирине толук кошулуу менен бирге, өз тарабымдан бул иштин жаңылыгы айкын экендигин жана актуалдуу экендигин гана кошуп кете аламын. Бир гана иштин кош адистигине ылайык келген Кыргыз Республикасынын автордук укуктарды коргоо жаатында Интеллектуалдык менчик бүткүл дүйнөлүк уюму менен болгон кызматташтыгын тереңирээк изилдеп чыгууну сунуштамакчымын.

Жалпысынан алганда изилдөө иши коюлган бардык талаптарга жооп берет деп белгилеп кетмекчимин!"

**Изденүүчү:** Менин эмгегимди талкуулоого катышканыңыздар үчүн баарыңыздарга рахмат. Берилген сунуштарыңыздар кайрадан каралып чыгат.

Талкуунун жыйынтыгында ю.и.д.,доцент Кочкарова Э.А. сөз алды: «Демек, урматтуу кесиптештер, жыйынга катышуучулар, изденүүчү Э.Б.Арзыматованын 12.00.10 – Европалык укук, эл аралык укук; 12.00.14 – Административдик укук, финансы укугу, маалымат укугу адистиктери боюнча, **“Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары”** аталыштагы кандидаттык диссертациясын талкуудан өткөрүүнүн жыйынтыгы боюнча Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э. А. Алиев атындагы КР ИИМ Академиясынын алдындагы Д.12.19.592 диссертациялык кеңешине илимдин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияны коргоого сунуш берип коюуңуздарды өтүнөмүн.

**4.Талкуунун жыйынтыгын чыгаруу (добуш берүү).**

Бардыгы - «МАКУЛ»

«КАРШЫ» - жок

«КАЛЫС» - жок.

**12.00.10 – Европалык укук, эл аралык укук, 12.00.14 – Административдик укук, финансылык укук, маалыматтык укук адистиктери боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары” темадагы Арзыматова Элиза Бактыбековнанын диссертациясына Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин административдик жана финансы укугу, эл аралык укук жана дүйнөлүк саясат кафедраларынын**

## КОРУТУНДУСУ

Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин административдик жана финансы укугу, эл аралык укук жана дүйнөлүк саясат кафедралары

изденүүчү Э.Б. Арзыматованын 12.00.10 – Европалык укук, эл аралык укук; 12.00.14 – Административдик укук, финансылык укук, маалыматтык укук адистиктери боюнча **“Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары”** аталыштагы кандидаттык диссертациясын угуп жана талкуудан өткөрүп төмөнкү чечимге келишти:

**1. Изилдөө темасынын актуалдуулугу.**

Изилдөө темасынын актуалдуулугу жыл өткөн сайын бир гана Кыргыз Республикасында эмес, дүйнө жүзүндө, анын ичинде бөтөнчө өнүккөн мамлекеттер арасында өтө актуалдуу келет. Мунун себеби техниканын жана технологиянын өнүгүүсү менен кибер кылмыштуулуктун күч алганы менен, жана муну менен бирге укук коргоо тармагында бул жаатта улуттук жана эл аралык мыйзамдардын алсыздыгы, же толук иштелип чыкпагандыгы менен түшүндүрүлөт. Мындан улам автордук укуктарды Интернет тармагында корголушунун өрчүшү – автордук укуктардын мамлекет тарабынан административдик-укуктук, ошондой эле эл аралык-укуктук корголушун чыңдоо зарылчылыгы менен айгинеленет.

Ошол себептен аталган илимий изилдөө өз учурунда деп табылат жана автор көтөрүп чыккан маселелер теоретикалык да, практикалык да жаатта кызыгууну жаратат.

**2. Диссертацияда жазылган жыйынтыктарды алуудагы автордун конкреттүү өздүк катышуусу.**

Диссертацияда изденүүчү тарабынан төмөнкүдөй илимий натыйжалар алынган:

1. Автор тарабынан автордук укуктарды Интернет тармагында натыйжалуу коргоо максатында жана айрым мамлекеттердин автордук укуктарын укуктук жөнгө салууларын укуктук салыштырма ыкмасынын негизинде төмөнкүдөй укуктук жагдайларды айкындаган:

– автордук укуктарды коргоонун улуттук системасы, коргоонун шарттары, көлөмү, мөөнөтү дүйнөнүн ар бир өлкөсүндө олуттуу айырмаланат;

– мамлекетти административдик-аймактык бөлүнүү чыгармаларды пайдаланууда бөгөт болуп саналат;

– эл аралык автордук укукту түзүү үчүн мамлекет өзүнүн күчүн жыйноого тийиш, автордук укукту коргоо чыгарма жаралган мамлекеттин аймагы менен чектелет жана башка мамлекеттердин аймагына жайылтылбайт; мында автор тарабынан жаралган мүнөз чексиз жана алар жашаган жерине, жынысына, курагына, расасына, улутуна, диний ишенимине ж.б. карабастан ар бир колдонуучу үчүн түзүлөт. Автордук укуктун объекттери мамлекеттин аймактык бөлүнүшүнө карабастан бүткүл дүйнө боюнча ийгиликтүү жайылуу касиетине ээ;

– маалыматтык, коммуникациялык технологияларды өнүктүрүү, Интернет тармагынын аймактык чегинин жоктугу мамлекеттик аймактык чек арасы жок, бир да мамлекеттин ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынбаган мейкиндиктин пайда болушуна алып келди. Ушул мейкиендикте чыгармаларды пайдалануу чыгармаларга карата автордук укуктарды берүүнүн аймактык принцибине баш ийбейт;

– эл аралык автордук укук системасынын субъекттери катары мамлекет, эл аралык уюмдар, юридикалык жактар, жеке адамдар (жаран, чет элдик жарандар, жарандыгы жок адамдар) чыгат, ошондой эле Интернетте автордук укуктарды коргоонун маселелерин эл аралык интеграциялоо процессине эл аралык «тармактык жамаат» катышпаса мүмкүн эмес.

2. Автор тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында Интернетте корголгон автордук укуктардын объекттерин жана формаларын аныктоодо түз көрсөтмөлөрдүн жоктугу, Интернетте автордук укуктун объекттерин укуктук коргоо фактыларын таануу үчүн тоскоолдук болуп келерин эске алуу менен Интернет тармагында жарыяланган чыгармалардын автордук укуктарын натыйжалуу коргоого алуу менен негизделген.

3. Изденүүчү тарабынан чыгарманын санариптик түрү техникалык

каражаттардын жардамы менен жазууга теңелгендиги, ал эми заманбап санарип технологиялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдары жана «Автордук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен каралган материалдык алып жүрүүчү болуп саналарын таануу зарылдыгы сунушталган.

4. Автор Тармакта автордук укуктарды коргоону натыйжалуу өнүктүрүүгө мамлекеттик, «тармактык» жамааттын, эл аралык уюмдардын, жарандык коомдун ж.б. биргелешкен күч-аракетинин натыйжасында гана жетишүүгө болот деп баса белгилөө менен бирге, Интернетти жөнгө салуу укуктук ченемдер жана техникалык эрежелер менен жүзөгө ашыруу сунушун киргизген.

5. Изденүүчү тарабынан адабий жана көркөм чыгармаларды коргоо жөнүндө Берн конвенциясынын 5-беренесинин 2-пунктунда каралган «коргоонун көлөмү» термини автордук укуктун көлөмүн ээлөөнүн укуктуулугун, чыгарманын оригиналдуулугун, автордук укуктун объектисинин корголгондугун аныктоо маселелерин камтый тургандыгын айгинелеп, Берн конвенциясынын эрежелери: «белгиленген конвенциянын жоболорунан тышкары коргоонун көлөмү өлкөнүн мыйзамдары менен жөнгө салуу менен коргоого муктаж болгон анын укуктарын коргоо үчүн авторго берилүүчү коргоонун каражаттары менен бирдей», ошондой эле автордук укуктун объекттине ээ болуунун мыйзамдуулук маселелерин, чыгармалардын оригиналдуулугун, өлкөнүн мыйзамдары боюнча коргоого муктаж болгон автордук укуктун объекттеринин корголгондугун аныктоодо колдонулууга тийиш деп тастыкталган.

6. Изденүүчү Интернетке салыштырмалуу жарандык жүгүртүмдө баарынан мурда сатуу жолу менен чыгармалардын нускаларын жайылтууга гана укукту кароо жаңылыштык деп эсептеп, чыгармалардын санариптик түрүнүн, Интернет тармагынын маалыматтык-телекоммуникациялык өзгөчөлүгү, ага чогулган мамилелер, виртуалдык эмес дүйнөдө өз ара аракеттенүүнүн адаттагы түрлөрүнөн олуттуу айырмаланат деп белгилеп,

Интернетке салыштырмалуу чыгармаларды жайылтууга карата укук калыпка салынган укуктун мурдагы салттуу түшүнүгүнөн кыйла кеңири түшүнүккө ээ болууга тийиш деп аныктоо менен бирге, Интернетте чыгармаларды жайылтуу менен колдонуучуларга анын акы төлөнүүчү же акысыз экендигине карабастан, чыгармаларды алууга жана аларды көчүрүп алууга мүмкүндүк берген ар кандай иш-аракеттерди түшүнүү сунушун киргизген.

7. Изденүүчү тарабынан электрондук китепканалардын укуктук статусун мыйзамдуу түрдө аныктоо зарыл экендиги негизделген.

**3. Изилдөө натыйжалардын аныктыгынын даражасы, алардын жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү.**

Автор тарабынан келтирилген натыйжалар изилдөөдө анык усулдук ыкмалардын колдонулушу менен тастыкталган. Бардык натыйжалар жана тыянактар талдоо жана синтез ыкмаларынын жана чыгарылган жоболордун далилдигинин негизинде алынган. Натыйжалар жана тыянактар башка авторлордун изилдөө натыйжаларына каршы келбейт. Диссертациянын негизги материалдары жарык көргөн.

Алынган натыйжалардын аныктыгы апробациянын көлөмү менен жана иштин этаптары илимий конференцияларда, семинарларда көрсөтүү менен тастыкталат.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** – автор тарабынан жүргүзүлгөн изилдөө Интернет аркылуу автордук укуктун объекттерин пайдаланууга байланышкан эл аралык-укуктук жөнгө салуу, Интернет тармагында келип чыккан коомдук мамилелерге карата эл аралык укуктун таасирлери, эл аралык укукту өнүктүрүүгө Интернеттин таасиринин комплекстүү маселелерин изилдөөдө чагылдырылат. Изилденүүчү чөйрөнү эл аралык-укуктук жөнгө салуунун көйгөйлөрүн аныктоо, бул көйгөйлөрдү чечүүнүн ыкмалары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында азырынча жоктугу изилдөөнүн жаңылыгын шарттайт. Жана да автор тарабынан автордук укуктарды Интернет тармагында коргоо жаатындагы бир катар көйгөйлөр

талкууга алынып, натыйжалуу жөнгө салуу механизмдери жана прогрессивдүү коргоо жолдору сунушталып өткөн.

**4. Диссертациянын илимий жоболорунун баалуулугу.**

Иштин илимий жана практикалык маанилүүлүгү айкын болуп эсептелет. Алынган жыйынтыктар жана алардын негизинде түзүлгөн сунуштар колдонуудагы мыйзамдарды өркүндөтүүгө негиз болушу мүмкүн, Интернет тармагында автордук укуктарды коргоо аткаруу органдары тарабынан административдик-укуктук жана эл аралык-укуктук коргоо практикалык ишинде эске алынган, ошондой эле жогорку окуу жайларында окуу процессинин жүрүшүндө, дисциплиналар боюнча лекциялык жана практикалык сабактарды өткөрүүдө: Интеллектуалдык менчик укугу, Автордук укук, ж.б.у.с. пайдаланылышы мүмкүн.

**5. Иштин адистикке карата ылайыктуулугу.**

Арзыматова Элиза Бактыбековнанын "Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары" диссертациясынын мазмуну 12.00.10 – европалык укук, эл аралык укук, 12.00.14 – административтик укук, финансылык укук, маалыматтык укук адистиктерине туура келет.

**6. Изденүүчү тарабынан жарыкка чыгарылган иштерде диссертациянын материалдарынын толук баяндалышы.**

Диссертациялык иштин негизги жоболору автордун төмөнкү жарыялоолорунда чагылдырылган:

1. Арзыматова Э.Б. Интернет түйүнүнүн мыйзам чыгарууда жакшыртууну жөнгө салуу жаатындагы укуктары [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Вестник КГЮА –2016. –№4. –76-78бб.

2. Арзыматова Э.Б. Значение технических средств защиты объектов авторских и смежных прав в сети интернет [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Вестник КГЮА –2016. –№4. –78-81бб.

3. Арзыматова Э.Б. Международное правовое регулирование авторских прав в Интернете: [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Modern Science – 2018. –12-2. –13-16бб.

4. Арзыматова Э.Б. Проблемы неправомерного использования в сети Интернет объектов охраняемых авторским и смежным правом: [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Научные труды академии МВД КР им.генерал-майора милиции Алиева Э.А. –2019. –№1. – 3-8бб.

5. Арзыматова Э.Б. Вопросы ответственности интернет провайдеров: [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Modern Science – 2019. –10-3. –26-31бб.

6. Арзыматова Э.Б. Права на распространение в интернете: [Текст] / Э.Б.Арзыматова // Вестник КГУСТА.– № 4 (66). – 2019. –609- 613бб.

7. Арзыматова Э.Б. Проблемы нарушений авторских прав в интернете: [Текст] / Э.Б. Арзыматова // Вестник КГУСТА.– № 4 (66). – 2019. –614-617бб.

## 7. Диссертациялык изилдөөнүн Кыргыз Республикасынын ЖАКнын негизги талаптарына дал келиши.

Диссертация КРнын ЖАКнын тийиштүү талаптарына ылайык аткарылган. Анын түзүмү максаты жана милдеттери менен аныкталат жана киришүүдөн, сегиз бөлүмдү камтыган үч главадан, тыянактардан, колдонулган булактар тизмегинен жана тиркемеден турат.

## ЧЕЧИМ ЧЫГАРДЫ

1. Изденүүчү Э.Б. Арзыматованын 12.00.10 – Европалык укук, эл аралык укук; 12.00.14 – Административдик укук, финансылык укук, маалыматтык укук адистиктери боюнча, **“Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары”** аталыштагы кандидаттык диссертациялык иши жактырылсын.
2. “Административдик жана финансы укугу” кафедрасы 12.00.10 – Европалык укук, эл аралык укук; 12.00.14 Административдик укук, финансылык укук, маалыматтык укук адистиктери боюнча, **“Интернет тармагындагы автордук укуктарды коргоо: эл аралык укук жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдары”** аталыштагы изденүүчү Э.Б. Арзыматованын кандидаттык диссертациясын Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жана милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы КР ИИМ Академиясынын алдындагы Д.12.19.592 илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу диссертациялык кеңешине илимдин кандидатынын окумуштуу даражасын коргоого сунуштайт.

**Төрагалык кылуучу**,
Аспирантура, докторантура жана
илимий ишмердүүлүктү уюштуруу
бөлүмүнүн башчысы ю.и.д., доцент Кочкарова Э.А.

**Катчы,**
Ага окутуучу Исаева Ж.Б.

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ (КГЮА)
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ ЮРИДИЧЕСКИЙ УНИВЕРСИТЕТ (КГЮА)
подпись заверяю
(ф.и.о.)
Заведующий ОК № 20 г.